УДК 391

Акысбекова Ф.

*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

# КЫРГЫЗ УЛУТТУК КИЙИМДЕРИНИН ТАРЫХЫЙ КАЛЫПТАНЫШЫ

*Бул макалада кыргыз элинин кийимдеринин тарыхый калыптанышы кеңири чагылдырылган. Кыргыз элинин улуттук кийимдери аркылуу кыргыз элинин эстетикалык тарбиясын эске салып, анын тарбиялык маанисине көңүл бурулган.*

Кыргыз жергеси өзүнүн кенендиги, кайталангыс кооздугу менен айырмаланат. Мөңгүдөн сызылып чыккан булактын касиети айтып бүткүс бир керемет экенин ким тана алат. Ошол сыңары эле, кыргыз элинин эзелтеден башат алган улуттук кийимдери да дүйнө элдериникинен өзгөчөлөнүп турган өзүнчө касиетке эгедер.

Тоо климатына, жаратылыш шарттарына, чарба жүргүзүү, мал жандоо, дыйканчылык кылуу себептерине байланыштуу кыргыздын улуттук кийимдери да эчен өзгөрүүгө дуушарланып, тарыхый узак жолду басып, калыптанып келген. Орто Азия, Казакстан, Россия сыяктуу мамлекеттер менен тыгыз алакада болуп, мунун таасири элибиздин экономикалык, маданий, руханий жактарына кыйла тийгени менен, кийимибиздин улуттук өзгөчөлүгүнө анча таасир эте алган эмес. Байыркы туника үлгүсүндө бычылып, атка жүрүүгө, жерге отурууга ылайык узун жана кенен тигилген.

Кийим тигүүгө башка өлкөлөрдөн алынып келинген түрдүү кездемелер, ошондой эле малдын, жапайы жандыктардын терилери, жүндөрү (мисалы, койдун, топоздун) пайдаланылган. Туника сымал шөлбүрөп кенен тигилген кийимдер мезгил өткөн сайын шартка ыңгайлашып отуруп, кийин адам денесине кыналып тигиле баштаган (бешмант, чыптама, жоолук ж.б.). Ал эми кийимдердин кээ бир элементтери (тон, тебетей, калпак) илгерки формасын биздин күндөргө чейин сактап калган, ал эми айрым түрлөрү, мисалы, көйнөк, бир кыйла өзгөрүүгө учураган.

Кыргыз кийимдери илгертеден эле кыргыз жергесинин көз тайгылткан ажайып жаратылышына айкалышып, кооз, көрктүү, жарашыктуу болгон. Кыз-келиндер өңү ачык, көбүнчө кызыл-тазыл кездемелерге ынак болушкан. Кийимдердин бир тобу (шалбар, чапан, калпак, белдемчи ж.б.) кеште, сайма менен кооздолгон. Кийимдердин жасалгасы, кооздолушу элдин жашаган жеринин шартына, табиятына, кооздугуна шайкеш келген. Ар кандай саймалардын, оймо-чиймелердин пайда болушунун өзү да жаратылыштын айтып бүткүс кооздугу, байлыгы, сырдуулугу менен тыгыз байланышкан. Азыркы учурда дагы түшүрүлгөн ар кандай түрдөгү оймолордун, чиймелердин сырлары толугу менен ачыла элек.

Өткөн замандарда кийилген кийимдер эл ичиндеги, коомдогу жашоо айырмасын даана билдирип турган. Бай-манаптар, бийлик башындагылар жибек, баркыт, манат, кымкап, нооту, баалуу аң-терилеринен жасалган асем кийимдерди кийсе, кедей-кембагалдар, колунда жоктор чылгый кайыштан, жаргактан, таардан, арзан матадан даярдалган кийимдерди кийишкен.

XIX кылымдын аягы - XX кылымдын башында кыргыз элинин башка элдер менен болгон карым-катнашынын чындала баштаганы байкалып, ошол элдер менен болгон өз ара мамилелер жакындашат. Мунун таасири элдин жашоо-тиричилигине, ошону менен катар эле кийимине да тийгизе баштаган.

Кыргыз элинин улуттук кийим искусствосунун терең тарыхы, ажайып сыры,


кызыктуу табышмактары бар. Бул жерден “Кыргызстан” басмасынан басылып чыккан В. Максимов менен Е. Сорокиндин “Кыргыз оймолору” аттуу китебинде: “Бүгүнкү күнгө чейин кыргыздын уз саймалары жан киргизип келаткан “чымын канат”, “кыял”, “карга тырмак”, “ирек” деп аталган түрлөрү бар болуп чыкты. Булар кыргыздын оймо-чиймелеринде кеңири таралган өтө мүнөздүү түрлөр. Ал эми дээрлик бардык килемдер менен туш кийиздерде кездешчү “кочкор мүйүз”, тоодо өскөн өсүмдүктөрдүн келбеттерин элестеткен “тогуз дөбө”, “тумарча”, алгыр куштун сүрөтү, өргөнүн керегесин билдирген “кереге көз”, “чуу тегерек” деп аталган жана ар кандай түрдө буралып, чиеленип кеткен оймо-чиймелер жыш кездешет. Салтанаттуу монументалдык шырдактардан тартып, туткучка чейин уздар пайдаланган кыргыз оймо-чиймелеринин бүтүндөй байлыгы мына ушулардан турат” - деп белгиленген.

Боом капчыгайын басып өткөн, же Жети-Өгүздө болгон адам алоолонгон кыпкызыл аскаларды, тик кеткен жарларды, алардын боорлорундагы кыян салган түрлүү жиктерди байкабай койбойт. Табигаттын бул керемет көрүнүштөрүн геологдор кыргыздын кызыл комплекси деп коюшат. Анткени алар өтө көп кездешет. Демек, кыргыз уздары Ата-журтунун табиятындагы кеңири тараган көркөмдүктү, түркүн түстү жакшы көрүп, тандап алып, өз иштеринде пайдаланып жүрүшпөсүн?

Шырдактарда Жети-Өгүздүн кызыл аскалары менен көк асмандай көгүлтүр Ысык-Көлдүн күнгөй тарабындагы кызыл чөптөр менен көлдүн түсүндөй болуп, кызыл түс менен шайма-шай жүрөт. Орто Азиядагы байыркы элдердин бири болгон кыргыздар үчүн көк мелжиген бийик тоолор чет жактан көз кызарткан баскынчылардан коргоочу чеп катары саналган. Кыргыздын көркөм ой жүгүртүүсүнүн булагы да тоолорго байланышкан. Тоолор кыргыз үчүн философиялык, көркөм өнөр искусствосунун, элдик ооз эки чыгармачылыктын башаты болуп келет. Керме-Тоо, Керемет-Тоо, Теңир-Тоо деп бекеринен айтылып калбаса керек.

Оймо-чиймелер улуттук кийим-кечелердин дээрлик бардык түрүндө колдонулат, ошондой эле элдик көркөм кол өнөрчүлүктүн дээрлик бардык түрүндө кооздук каражаты катары кеңири колдонулат. Эл ичинен чыккан мыкты чеберлер өздөрүнүн учкул кыялын, терең ой чабытын, элинин үмүт-тилегин, киндик кан тамган жергебиздин көз кумарын кандырган ажайып кооздугун түркүн оюу-чийүүгө айландырышкан. Анан ар кыл жердин бетине көркөмдөп, кылдаттык менен жайгаштырып, кезинде сырдуу тилдеги жазууларды калтырышкан. Ал жазуулар (оюм-чийимдер) эчен доорлорду басып, ар кандай өзгөрүүлөргө дуушар болуп, өнүгүп-өрчүп отуруп биздин күндөргө келип жетти. Бирок ошол оюу-чийүүлөрдүн айрым айкалыштары жана түрлөрү мезгил сынына туруштук бере албай, унутта кала баштады. Алар өзүнүн нукуралыгы менен өтө жөнөкөй, кыска, так жана салтанаттуу.

Мисалга алсак:




Бул оюм-чийимдер жеке гана кийим-кечелерде колдонулбастан, үй-буюм жасалгаларында да колдонулуп келген. Ал эми жасалгасыз жүргөн кыргыз аял заты болгон эмес. Шакек, сөйкө, билерик, чолпу, чачпак. Бийкеч, жаш келиндер бир нече алкактуу жазы шакек салынышкан. Шакектин сүйрү жагы тамандарына акак, же жалпак билериктер оюу-чийүү менен коосдолгон. Иймектердин куюп, кесип, оюп майда шалдыркандар илинип, ийип жасалгандары болгон. Кыргызстандын түндүгүндө күмүштү карартып жасоо ыкмасы көбүрөөк пайдаланылса, түштүктө акак, маржан таштарды чөгөрүп, ийип жасоо ыкмалары колдонулат.

Топчулар жана ар кандай бүчүлөр улуттук костюмдардын өзүнчө бир жасалгасы катары колдонулат. Топчулар жалпак, тоголок, сүйрү, томпок болушат, алар күмүш зымдан карартылып, түстүү айнек, акак, шуру чөгөрүлүп коосдолот. Жыгачтан, сөөктөн да жасалгандары бар. Топчулар күмүштөн да жасалып, топчулаш үчүн гана эмес, кийимге көрк бериш үчүн да колдонулган. Ошондуктан алар абдан баалана турган, бапестелип сакталчу. Эскирген кийимдердин топчусу эч убакта ташталчу эмес.

Кыргыз аялдары зергер устанын чеберчилик менен жасаган жасалгаларын, эмгегин баалай билишкен. Ошондуктан XIX кылымдын аягы - XX кылымдын башындагы жасалгалар биздин күнгө чейин музейлерде сакталып келет. Жасалгалар көбүн эсе укумдан тукумга, энеден кызга же келинге өтүп келген. Кыргыз эли көчмөн калк болгондуктан, эл кыштоого же жайлоого көчө баштаганда, уруунун эң сулуу, кадырман зайыбы бардык жасалгаларын тагынып алып, көч баштап жөнөчү. Бул ошол көчтүн баркын гана билдирбестен, анын байсалдуу болушун да каалаган. Үйлөнүү тою күнү

желбирөөчтү колукту тагынчу.

Сөйкө желбирөөчтү жасоо бардык эле зергерлердин колунан келе берчү эмес. Аны жасоо колунан көөрү төгүлгөн чебер зергер усталардын гана үлүшүнө шыбагаланган. Узундугу чейрек метр келген бул сейрек кездешүүчү жасалга алып жүрүүгө өтө машакаттуу, ошону менен бирге бири-бирине куюлуша шайкеш келген оймо-чиймелүү, жумуру күмүш асмалардан жана ар кыл түрдөгү жалпак пластинкалардан, чачы-чачы болуп бириккен шакекчелерден жана ар түрдүү майда бүрчөлөрдөн турат. Эшилген күмүш жип, акак шурулар куюлушкан колорит түзүп, көрүнүшкө көрк берип, назиктикти пайда кылат, суктандырат. Ал эми жалпы асемдүүлүк, кылымдардан бери калыпка салынып калган композициялык курулуштун кынтыксыздыгы чыныгы майрамдык маанай түзүп, салтанаттуулукту пайда кылат.

Чолпу - ары салмактуу, ары чоң жасалга. Ал кыргыз аялдарынын аркасында тагылып, кадам сайын шылдыр-шылдыр этип өзүнчө бир жагымдуу үн чыгарып турат. Бир караганда, музыканын ыргагына да окшоп кетет. Анын күмүш деталдарына акак таш, шуру чөгөрүлүп, ар кандай формадагы оюм-чийимдер түшүрүлөт.

Зергерлердин күмүштөн, алтындан жасаган жасалга иштеринен асмандагы жылдыздардын сырдуу кубулуштарын да байкоого болот. Алар Жетиген, Чолпон жана башка жылдыздардын жайгашуу абалын жылдык аба-ырайына айкалыштырып, билими жок болсо да астрономия илимине сезим менен сереп таштап, сезип-туйганын оймо-чиймелерге түшүрүп келишкен. Ар бир оймо-чийме өзүнүн сыйкырдуу, табышмактуу көрүнүшү менен айырмаланып турат. Ошондуктан тарыхка көз чаптырсак, кыргыз улуу эл болгонуна ынанабыз.

Кыргыз элинин улуттук өнөрүнүн символикасы болгон шырдакка, кийизге кайрылсак, анын кооздугуна таң калып, философиялык ой жүгүртүүлөрдү баамдоого болот. Жараталыш жасап койгон килемдин дал өзү… Бул жерден өң-түстүн бири-бири менен айкалышын, көктөмдө көз жарган байчечекей гүлдөрүнүн өңүн көрсө болот. Шылдырап аккан булактын наз үнү угулуп тургансыйт. Тоо арасында аркар-кулжалардын беймарал жайылып жүргөн элеси. Мына ушунун бардыгын шырдактын оюм-чийимдеринен көрсө болот. Ал отуз-кырк жыл бою пайдаланылат.

Ал эми кыргыз элинин баш кийимине көз чаптыра турган болсок, адеп эле калпак көзгө урунат. Анын формасы - ак мөңгүлүү Ала-Тоо символу. Калпак кыргыз элинин визиттик карточкасы болуп эсептелет. Аны кадыресе жумушка да, салтанаттуу жолугушууга, кечелерге да кийсе болот. Эс алуу жайларында, курорттордо кийип жүрсө, көркүнө чыгат. Аны кыргыздар кадырлаган, сыйлаган адамына белекке беришет. Калпак менен жакшынакай салттарды байланыштырышат.

Калпактын улам жаңы, жарашыктуу түрлөрүн табууда Асанова, Латипа Белсаева, Гүлнара Сейталиева сыяктуу тажрыйбалуу уз-чеберлер көп эмгек сиңиришүүдө. Мына ушул жөнөкөй көрүнгөн баш кийимди көркөм, жарашыктуу кылып даярдоо үчүн канчалаган мээнет керек.

Азыркы кезде кыргыз кийими европалык модадан кем калбайт, мезгилге жараша өзгөрүп, жаңырып турат. Ошону менен бирге эле кыргыз кийими өзүнүн улуттук маанисин, колоритин жоготпостон, накта улуттук элементтерин кошо ала жүрөт. Алар күндөн күнгө жаңыланып, толукталып келет.

Өң-түс жагынан алганда, улуттук кийим ачык түстү көп колдонот. Ак түс актыкты, тазалыкты, сулуулукту билдирет. Жаш колуктунун кийими ак түстөн болгон.

Кыргыз оюу-чийүүсүнөн мал-жандын элестерин, жаратылыштын, бак-дарактардын, өсүмдүктөрдүн элементтерин көрүүгө болот. Ошондой эле элге мүнөздүү болгон ой жүгүртүүлөрдү, кыял-тилектерди, үмүт-каалоолорду баамдоого болот.

**Адабияттар:**

1. Абрамзон С.М. Кыргыздар. –Ф., 1989.
2. Максимов В.А., Сорокин Е.К. Кыргыз оймолору. –Б., 1999.